КУШТАР МЕНЕН…

Сөзү обону НАЗЗАРА РАЗЗАКОВА

КУШТАР НЕГЕ БИЙИК УЧСА КӨРҮНӨТ?
СУУК ТҮШКӨНДӨ ТОП-ТОП БОЛУП БӨЛҮНӨТ!
ЖҮРӨГҮМДҮ ҮШҮТПӨЙ ЖЫЛУУ ЖАКА,
АЛАР МЕНЕН УЧСАМ ДЕЙМИН АЛЫСТАРГА!

Кайырма
БАКЫТ ИЗДЕП БАРАТКАН ЖОЛУМДАН,
БАРАЛБАЙМ ДЕГЕНИМ,
ТАБАЛБАЙМ ДЕГЕНИМ,
ЖАЛГАН!!!
СҮЙҮҮ ИЗДЕП БАРАТКАН ЖОЛУМДАН,
УНУТТУМ ДЕГЕНИМ,
УТТУРДУМ ДЕГЕНИМ,
ЖАЛГАН!

КУШМУН ДЕДИМ ЭЛЕСТЕТИП ӨЗҮМДҮ,
КАНАТ ЖАЙЫП УЧКАНДЫГЫМ ӨҢҮМБҮ,
ЖЫЛУУ ЖАКТАН ТАПКЫМ КЕЛЕТ БАКТЫМДЫ,
ЖАЛГЫЗ БОЛБОЙ АТТЫРСАМ ДЕЙМ АК ТАНЫМДЫ…

Кайырма
СҮЙҮҮ ИЗДЕП БАРАТКАН ЖОЛУМДАН,
САГЫНБАЙМ ДЕГЕНИМ,
ТААРЫНБАЙМ ДЕГЕНИМ,
ЖАЛГАН!
БАКЫТ ИЗДЕП БАРАТКАН ЖОЛУМДАН,
АДАШТЫМ ДЕГЕНИМ,
АЛЫСМЫН ДЕГЕНИМ ,
ЖАЛГАН!!!